**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 13. 23. 662 диссертациялык кеңеши

**Кол жазма укугунда**
УДК 37. 013 (575.2) (043.3)

**Асанкулова Мазира Көчөровна**

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШКА ДАЯРДООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогикалык илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**Автореферати**

**Бишкек – 2024**

Диссертациялык иш С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Сияев Таштанбек Моңолдорович**
педагогика илимдеринин доктору, профессор, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика, тарых жана окутуунун технологиясы кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Мураталиева Мира Алымбековна**
педагогика илимдеринин доктору, доцент, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогикалык билим берүү факультетинин деканы

**Эргешали кызы Актилек**
педагогика илимдеринин кандидаты, Баткен мамлекеттик университетинин педагогикалык билим берүү кафедрасынын доцентинин м.а.

**Жетектөөчү мекеме:** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасы (720033, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547)

Диссертациялык иш 2024-жылдын 31-майында саат 13.00до И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13. 23. 662 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот: 720026, Бишкек шаары. И. Раззаков көчөсү, 51.

Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc. vak. kg/b/132-iro-djs-est.

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасынан (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көчөсү, 51), Кыргыз билим берүү академиясынын китепканасынан (720040, Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 25) жана КР Президентине караштуу УАКтын сайтынан таанышууга болот (https://vak. kg/).

Автореферат 2024-жылдын 30-апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**

**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А. О.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Ар бир мамлекеттин пайдубалы – туруктуу, гармониялык мамиледеги үй-бүлө. Өлкөдөгү бүгүнкү күндө орун алган татаал социалдык шарттар, туруктуу идеалдардын өзгөрүшү аныкталган деңгээлде жаштарга туура эмес таасирин тийгизип жаткандыктан улам үй-бүлө курууга даярдоо процесси абдан актуалдуу маселеге айланды. Кыргыз Республикасында 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясында үй-бүлөлүк тарбия багытында кыздарды келечекте үй-бүлөнүн куту, жигиттин сүйүктүү жары, үйдүн ыймандуу бүлөсү, баланын мээримдүү энеси болууга даярдоо, кыздар тарбиясына көңүл бөлүү, эркек балдардын атуулдук аң-сезимин жогорулатып, жигиттик наркtуулугун жөнгө салуу менен, эркектин, атанын, күйөөнүн милдетин түшүндүрүү, үй-бүлөнү бекемдөө милдеттери көрсөтүлгөн (2021). Ал эми, "Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясында" улуттук, адамзаттык, үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарга, жогорку моралдык ченемдерге жана сергек жашоо образына таянган улуттук тарбиялык идеалды мүнөздөө маселери белгиленген (2021).

Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу жогорку окуу жайда окуу мезгили жаштардын жашоосундагы маанилүү мезгил болуп саналат, мында алардын профессионалдык өнүгүүсү гана эмес, ошондой эле жеке өзүн-өзү аныктоосу да ушул мезгилде туура келет. Демек, ушул негизде студенттерди үй-бүлөлүк турмушка даярдоо процессин максаттуу изилдөө жана азыркы учурда аны жакшыртуунун шарттарын аныктоо маанилүү теориялык жана практикалык мааниге ээ. Студенттерди үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча илимий изилдөөнүн зарылдыгы ажырашуу проблемасы менен дагы аныкталат, себеби, эрте үйлөнүү жана ажырашуу актуалдуу социалдык көйгөйлөрдүн бири болуп калган. Алсак, республика боюнча ажырашуулардын саны 2015-жылда 8588 болсо, ал эми 2019-жылы бул көрсөткүч 10992 чейин жогорулаган. Демек, жаштарды аң-сезимдүү турмушка даярдоо, толук кандуу үй-бүлөнү түзүү жана балдардын төрөлүшү жана тарбияланышы үчүн жоопкерчиликти калыптандыруу азыркы шарттарда жогорку билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болууга тийиш.

Кыргызстанда үй-бүлө жана нике боюнча эмгектердин башында Р.Ачылова (1986), Т. Ж. Шайдуллаева (1992), А. Карасаева (2018) жана башка окумуштуулар турат. Кыргыз элинин тарыхын изилдөөнүн алкагында кыргыз үй-бүлөсүнүн ар түрдүү аспектилерин С. Абрамзон (1990), В. Бартольд (1963) жана башкалар изилдешкен. Азыркы учурда үй-бүлө маселесине кайрылган айрым бир диссертациялык иштер аткарылган. Алсак, Г.Т. Карабалаеванын (2015) "Взаимосвязь семейного и общественного воспитания в современных условиях" деген аталышта изилдөөсүндө үй-бүлө тарбиясы менен коомдук

тарбиянын байланышын аныктаган, ал эми А.А. Усубалиеванын (2017) "Трансформация семейно-брачных отношений молодежи Кыргызстана" аталыштагы диссертациялык эмгегинде жаштардын үй-бүлө куруудагы социологиялык аспектилерди изилдеген. С.К. Насбекова (2018) "Кыргызстанда үй-бүлө мыйзамдарынын калыптанышы жана өнүгүшү" аттуу теманы изилдесе, Эргешали кызы Актилек (2021) "Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо" багытындагы өзгөчөлүктөргө токтолгон. "Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү" деген аталышта Б.К. Койлубаеванын (2022) диссертациялык ишинде берилген. Мындан тышкары, Али Үнал (2015) "Үй-бүлө маселелери социологиянын күзгүсүндө" аталыштагы монографиясында кыргыз коомунун үй-бүлө түзүлүшү жана никеге байланыштуу жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде жалпысынан социологиялык сурамжылоонун жыйынтыктары белгиленген. Бирок, жогорку окуу жайларынын студенттерин үй-бүлөлүк турмушка даярдоо проблемасы өз алдынча изилдөө предмети катары жүргүзүлө элек.

Диссертациялык изилдөө Ош мамлекеттик университетинин, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин жана Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнө жүргүзүлдү. Алдын-ала жүргүзүлгөн абалды аныктоочу эксперименттин жыйынтыктары студенттердин үй-бүлө куруу боюнча ой-толгоолору терең эместигин, үй-бүлө курууга даярдыгы төмөн экендиги аныкталды. Натыйжада, илимий булактарды жана кыргыз элинин үй-бүлө куруу боюнча тажрыйбаларын талдоонун негизинде, ошондой эле алдын-ала жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттердин жыйынтыктарынын анализинде төмөндөгүдөй карама-каршылыктар аныкталды:

1. Мамлекетибиздин пайдубалы болгон үй-бүлө институттарын ар тараптан чыңдоо зарылчылыгы менен ошол эле учурда бүтүрүүчүлөрдүн үй-бүлө курууга даярдык деңгээлинин төмөндүгү.
2. Бүтүрүүчүлөргө үй-бүлө куруу боюнча илимий педагогикалык багыт берүү муктаждыгы менен бүтүрүүчүлөргө үй-бүлө курууга багытталган системалуу педагогикалык иш-чаралардын жетишсиздиги.
3. Жаңы курулган үй-бүлөнү бекем сактоо зарылчылыгы менен жаш үй-бүлөлөргө багытталган атайын методикалык сунуштардын иштелип чыкпагандыгы.

Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды чечилиши "Жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка кантип даярдоо керек?" деген маселе изилдөөнүн проблемасын жаратат. Мына ушул жагдайлар диссертациялык изилдөөнүн темасын "Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттары" деген аталышта аныктоого негиз болду.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык жумуш С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин “Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары” кафедрасынын илимий иштеринин 2018-2022-жылдардагы тематикалык пландары менен байланышта аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты:** Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттарын аныктоо жана эксперимент аркылуу текшерүү.

Диссертацияда коюлган максатка жетүү төмөнкү **милдеттерди** чечүү менен ишке ашырылат:

1. Үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун теориялык негиздерин жана үй-бүлө куруу багытындагы кыргыз элинин педагогикалык баалуулуктарын талдоо.
2. Жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу жана анын моделин түзүү.
3. Педагогикалык эксперимент жүргүзүү менен педагогикалык шарттарынын жана моделинин натыйжалуулугун текшерүү.

**Изилдөөнүн жаңылыгы жана маанилүүлүгү:** жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун теориялык негиздери талдоо менен “үй-бүлө куруу”, “үй-бүлөлүк турмушка даярдоо” түшүнүгү такталып, үй-бүлө курууга даярдык деңгээлинин аныкталгандыгы. Үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун илимий педагогикалык шарттарынын аныкталышы жана анын моделинин даярдалышы, ошондой эле алардын педагогикалык экспериментте текшерилиши менен мүнөздөлүнөт.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:** алынган жыйынтыктар жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоону өркүндөтүүгө негиз болот; аныкталган педагогикалык шарттар, теориялык модель жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо үй-бүлө куруу маданиятын жогорулатууга мүмкүндүк берет, изилдөөнүн материалдары жогорку окуу жайлардын жана педагогикалык окуу жайлардын окутуучуларына, студенттерине сунушталат.

**Диссертациянын коргоого сунушталуучу негизги жоболору:**

1. Коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында жогорку окуу жайларынын педагогика багытынын бүтүрүүчүлөрүнүн үй-бүлө куруу даярдыгына абдан көп факторлор таасир этет. Мисалы, кыргыз улутунун алмустактан бери келе жаткан бааалуулуктары, ар бир үй-бүлөнүн калыптанган ички эрежелери жана замандын өзгөрүүсүнө жараша коомдук ой-толгоонун таасирлери жана башкалар.

2. Жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоо процессинин максаттык, мазмундук жана өзүн-өзү кабыл алуу компоненттери аркылуу негизделген педагогикалык шарттары: а) үй-бүлөлүк мамилелер,

жубайлардын ролу, үй-бүлө куруунун эрежелери, үй-бүлөлүк турмуш куруунун маанилүүлүгү жөнүндө курсун "Тарбиялоо процессинде компетенттүү мамиле" тандоо курсунун мазмунуна киргизүү; б) студенттерге кыргыз элинин көөнөргүс баалуулуктарына жана салтына негизделген үй-бүлө куруунун эрежелери, үй-бүлөлүк турмуштун маанилүүлүгү жөнүндө аң-сезимин калыптандырууга багыт берүү: в) Студенттерге үй-бүлөлүк кеңеш берүүнүн негиздерин үйрөтүү жана үй-бүлөлөргө көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берүү; г) Студенттердин натыйжалуу баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана үй-бүлөлүк мамилелердеги чыр-чатактарды чечүү жөндөмүнө жана баарлашууга, ошондой эле кыргыз элинин үй-бүлө институтундагы жолдошу менен жубайынын ортосундагы мамилелерге үйрөтүү.

3. Жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун далилдеген педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** "Үй-бүлө куруу", "үй-бүлөлүк турмушка даярдоо" түшүнүгү такталып, жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн үй-бүлө курууга даярдык деңгээли, үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттары аныкталып, "үй-бүлөлүк турмушка даяр болуунун модели" даярдалып, практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо:** диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары С. Нааматов атындагы НМУнун Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын жыйындарында, республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда талкууланды. С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илимий-практикалык конференциясында (2016), Жусуп Мамай жана түрк калктарынын эпостору эл аралык конференциясында (2017), И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий-практикалык конференциясында (2018), Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын Эл аралык илимий-практикалык конференциясында (2022), баяндоолор формасында, изилдөөнүн материалдары мамлекеттик басылмаларда, илимий эмгектердин жыйнактарында жарыялоо аркылуу ишке ашырылды. Изилдөөнүн негизги жоболору С. Нааматов атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын отурумдарында талкуудан өттү.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугу:** Диссертациянын негизги мазмуну автордун 9 илимий макаласында (анын ичинен 2 макала РИНЦ тизмегиндеги журналдарда) чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү**. Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган кириш сөздөн, үч баптан, жана алардан келип чыккан жыйынтыктан, жалпы корутундудан, адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Жалпы көлөмү – 150 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Диссертациянын киришүү бөлүмүндө** изилдөө темасынын актуалдуулугу негизделип, максаты, милдеттери аныкталды, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси ачыкталды, изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо, ишке ашыруу жолдору көрсөтүлүп, коргоого сунушталуучу жоболор орун алды.

**Биринчи бап « Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун теориялык негиздери»** деп аталып, изилдөөнүн биринчи милдети каралган, үй-бүлө куруу, үй-бүлөлүк турмушка даярдоо, илимий түшүнүгүнүн маңызы жана мүнөздөмөлөрү, кыргыз элинин көөнөргүс каада-салттарында үй-бүлө институтунун маңызы, мазмуну жана өзгөчөлүктөрү белгиленген.

Үй-бүлө – бирге жашаган күйөөсү, аялы, балдары жана башка жакын тууганадарынан турган адамдардын тобу болуп саналат. Ар бир тарыхый доордо адамдын жекече өнүгүүсү өзү жашаган айлана-чөйрөдө, үй-бүлөдө жана коомдо өтөт. Үй-бүлө тарбиясынын мааниси жөнүндө байыркы грек философтору Платон, Геродот, Аристотель жана башкалар көз караштарын билдиришкен. Мисалы, Аристотель үй-бүлөнү «бакыттын үйү» деп баалаган. Чындыгында, үй-бүлөдөгү өз ара мамилелер урмат-сый, бирин-бири түшүнгөндүктүн негизинде уюштурулуп, үй-бүлөнүн жыргалчылыгы, эркиндиги, тең укуктуулугу үчүн үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү салым кошсо, анда үй-бүлө бакыт үйүнө айланары бышык.

Кыргыз эли этнос болуп калыптангандан бери тарыхтын татаал жолун басып өтсө да, бүгүнкү күндө коомдук өнүгүштүн бардык этаптарын, улуттун маданиятын анын ичинде каада салттарын өзүндө сактап келген, анын ичинде баш кошуу боюнча үрп-адаттарды байыртадан бери бүгүнкү күнгө чейин сактап келе жатат. Кыргыз эли жети атаны сүрүштүрүү менен үйлөнө турган уул менен кыздын тууганадык байланыштарын жети атасына чейин изилдеп, жети ата өткөндөн кийин гана уул, кызды үйлөнтүүгө чечим чыгарышкан. «Манас» эпосунда кыргыздарда байыртадан эле «кудалашуу» салты болгондугу кездешет. Манастын Каныкейге үйлөнүүдө кудалашуу, калың берүү, үйлөнүү тою сыяктуу байыркы каада-салттардын элементтери кездешет. «Манас» эпосунда бай Жакып Хан Манаска кыз издеп, Жызакты кыдырып, Сары дайрасын кечип, көөнүнө кыз толбой, Ташкент жана Букара шаарын аралаган. Ошентип, Хан Жакып эчендеген жерди кыдырып, кыздарды тандап жүрүп, Санирабиганы көрүп, Хан Манаска ылайык деп жактырып, анын атасына куда түшкөн.

Куда-сөөк күтүү, кудалашуу кыргыз элинин турмушунда өзгөчө мааниге ээ болгон. Кудалашуунун бир канча формалары кездешет. Кеңири таралган кудалашуунүн түрү бел куда. Бел куда – эки адамдын жылдызы келишип калган убакта, алар менен мамилени үзбөө үчүн, эки дос же эки тааныш адамдар бел куда болушкан. Бул убакта экөөбүздүн жубайларыбыз эркек төрөсө, анда дос

болушсун, ал эми бирөө эркек, бирөө кыздуу болсо, анда куда бололу деп антташып, бел куда болушкан. Ал эми «бешик куда» балдары кичинекей, бешиктеги кезинде эле аларды үйлөнтүүгө макул болуу менен, сөз берүү менен сыпатталат. Бешик куда болуу дагы эки үй-бүлө өзүлөрүнүн жакындыгын күчөтүү максатында жана айрым учурларда «сөөк» жаңыртуу менен тууганчылык мамилени күчөтүү ой толгоосу менен ишке ашкан. Никелешүүнүн ушул сыяктуу түрлөрү казактарда, өзбектерде, тажиктерде ошондой эле Орто Азиянын башка элдеринде да кездешет.

Кыргыз элинде үй-бүлө куруунун дагы бир өзгөчө салты жуучу жиберүү болуп саналат. Кыздын ата-энесине жигиттин атасы аттуу-баштуу туугандары менен «кулдук уруп» алдына барышкан. Жуучу түшкөндөн кийин балдардын ата-энелери салтанаттуу түрдө кудалашып, үйлөнүүнүн мезгилин, той өткөрүүнүн шарттарын белгилешкен. Андан соң, кыздын үйүнө баланын тууган-туушкандары менен «күйөөлөө» салты менен күйөө бала жана күйөө жолдошу менен барышкан. Ал эми, кыздын ата-энеси «Кыз узатуу» ырым-жырымдарын жасашкан. Мисалы, «Жеңкетай» деп салт боюнча жеңесине күйөө жолдош белек-бечкек берген, ал эми «Көшөгө ачаар», «Бет ачаар» деген мааниде кызга жана күйөө балага ата-энелери, бир туугандары бири-бирине көрүндүк беришкен. Кыз узатуу аземи аяктаган кезде, ата-энеси, туугандары менен кыз коштошуп, соңунда жеңелери, энеси, эжелери кошок кошуп узатышкан. Кошок кошууда кызына өз акыл-насааттарын ырга кошуп ырдап, тарбиялуу болууга үндөшкөн, ошону менен катар кызды кайненесине табыштап, мындан ары жакшы тарбия беришин тилек кылышкан. Андан соң той баланын үйүндө уланып, «нике той» өткөрүлөт. Ал тойдо «ат чабыш», «улак тартыш», «көк бөрү», «эр оодарыш» болуп, жалпы баланын туугандарына, кошуна-колоңдоруна, айылдаштарына той өткөрүлөт. Демек, кыргыз эли жаңы үй-бүлөнү курууга улуттук баалуулуктардын негизинде абдан кылдат мамиле жасаган.

Бүгүнкү күндө инсандын үй-бүлөлүк турмушка даярдыгын калыптандыруу проблемасы боюнча жалпы теориялык негиз түзүлгөн. Ал үй-бүлөнүн социалдык маңызын жана анын жашоосунун маанилүү аспектилери В.Г. Афанасьев (1964), Е. К. Васильеванын (1975) эмгектеринде; үй-бүлөнүн психологиялык мүнөздөмөлөрү жана үй-бүлөлүк мамилелердин психологиясы боюнча изилдөөлөр, А. А. Бодалев (1996), В. Н. Дружинин (2000), Я.Л.Коломинский (1981), Э. Г. Эйдемиллердин (2002) изилдөөлөрүндө баланын үй-бүлөдө социалдаштыруу процесси, келечектеги никеге жана ата-эне болууга даярдоо боюнча И. В. Бестужев-Лада (1988), И. В. Гребенниковдун (1991) эмгектеринде изилденген. И. В. Дубровина “жаштарды үй-бүлөлүк турмушка өзгөчө психологиялык жактан даярдоо өтө зарыл деген. Адамды үй-бүлөдө, жумушта коллективде жашоого өзүнчө даярдоо мүмкүн эмес, бул окутуу жаш курактык өнүгүүнүн бардык этаптарында жүргүзүлүшү керек жана билим берүүнүн жалпы проблемаларынан ажыратылбашы керек,” – деп белгилеген

(2004). Жеке адамдын ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүнө даярдыгын изилдөөгө М. И. Дьяченко, Ф. И. Иващенко, Л. А. Кандыбович сыяктуу окумуштуулар өзгөчө салым кошушкан (1994). "Даярдык" түшүнүгү көптөгөн психологдор тарабынан каралып, аларды адамдын ар кандай психологиялык өзгөчөлүктөрү менен байланыштырышкан. Бирок эң белгилүүлөрү болуп Я.Л.Коломинскийдин (1981) изилдөөлөрү саналат, алар ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүнө даяр болуу түздөн-түз инсандын өнүгүү деңгээлинен көз каранды, башкача айтканда, инсан канчалык өнүксө, анын иштин белгилүү бир түрүнө даярдыгынын деңгээли ошончолук жогору болот, – деген оюн айткан. "Даярдык" түшүнүгү профессор Г. Краганын эмгектеринде толук ачылган, ал даярдуулукту инсандын жашоосундагы анын жеткен жетилүү деңгээли белгилүү бир тажрыйбадан пайда алууга мүмкүндүк берген учур катары караган. Психологдор М. И. Дьяченко менен Л. А. Кандыбовичтин (1976) инсандын даярдыгын кандайдыр бир иш-аракетти аткарууга белгилүү бир мамилеси деп эсептешкен.

Жаштардын үй-бүлө куруудагы даярдыгы боюнча нике жөнүндөгү изилдөөлөрдүн көпчүлүгүндө никеге жана үй-бүлөлүк мамилелерге даяр болуу инсандын үй-бүлөлүк тарбиясынын, психологиялык даярдыгынын жана психологиялык мобилизациясынын натыйжасы экендиги баса белгиленет. Ал эми көбүнчө никеге турууга даярдыгын аныктоочу инсандын компоненттери болуп **когнитивдик, эмоционалдык, баалоочу-эрктүүлүк жана активдүүлүк** эсептелет. **Когнитивдик компонент** инсандын социалдык-философиялык, психологиялык-педагогикалык, укуктук, психосексуалдык билимдерге жана оптималдуу нике-үй-бүлө мамилелерин куруунун өзгөчөлүктөрү жана шарттары жана алардын чыгармачылык өнүгүү жөндөмдүүлүгү жөнүндө идеялары менен заманбап илимий деңгээлде өздөштүрүүсүн карайт. Инсандын дүйнө тааным системасынын калыптанышы баалуулуктарды, мотивациянын жогорку деңгээлин, өзүн-өзү таанууга болгон кызыгууну, эмпирикалык факторлорду илимий жалпылоо жөндөмүн, үй-бүлөлүк жашоо циклинин кубулуштарын жана окуяларын терең маңыздуу түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө жөндөмдүүлүктү камтыйт, алардагы кыймылдаткыч карама-каршылыктарды жана аларды чечүүнүн жолдорун ачуу, ошондой эле таанып-билүү процессин уюштуруу. Никеге жана үй-бүлөгө жеке даярдыктын **эмоционалдык компоненти** төмөнкүлөрдү камтыйт: адамзаттын, өлкөнүн, элдин, үй-бүлөнүн тарыхына кызыгуу, үй-бүлөлүк баалуулуктардын өзгөчөлүгүн аңдоо, адеп-ахлактык мамилелердин татаалдыгын жана бүдөмүктүүлүгүн түшүнүү, жогорку адеп-ахлактык сезимдерди тарбиялоо жана үй-бүлө мүчөлөрү менен баарлашуудагы мамилелер, нике жана үй-бүлөлүк мамилелердин субъекти катары өзүнө карата позитивдүү мамиле. **Баалоочу-эрктүү компонент** келечектүү нике жана үй-бүлө мамилелеринин психикалык моделдерин түзүү жана аларда өзүнүн чыгармачылык ордун аныктоо жөндөмүн өнүктүрүүнү билдирет. Адам өзүнүн жашоо мейкиндигин уюштурууну ишке ашырышы

керек, инсандар аралык конфликттердин оң чечилишин көрүшү керек, өз иш-аракеттеринин социалдык кесепеттерин алдын ала көрүү жана адекваттуу баалоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, өзүн-өзү чектөөнүн зарылдыгын түшүнүү, жүрүм-турумду ички жөнгө салууга умтулуу керек. Адамдын турмушка жана үй-бүлөгө даярдыгынын **активдүүлүк компоненти** адамдык жогорку баалуулук катары ишмердүүлүктү, жигердүүлүктү, чыгармачылыкты аңдап билүүсүн билдирет. Бул өз ара аракеттенүү тегиздигинде адам нике жана үй-бүлөлүк өз ара аракеттенүүнүн идеалдуу планынан практикалык планга эркин өтүшү керек, никедеги руханий жана физикалык мамилелерде гармонияга жетиши керек, башка адамдын жардамын, сүйүүсүн, коргоосун камтыган чыныгы мамилелерди түзө алышы керек, жубайлык, аталык кайчы (каршы) процесстерге каршы туруу. Жогорудагы компоненттердин өз ара аракеттенүүсү психологиялык жактан жетилгендикти жана никеге психологиялык даярдыкты баса белгилейт.

Ошентип, "үй-бүлө куруу" түшүнүгү – эки инсандын, келечектеги жашоодо максаттары жана мүнөздөрү жагынан дал келген жана бири-бирин толуктаган, жашоосун бирге өткөрүү үчүн ойлонулуп жасалган кадамдын негизинде биримдикте жашоо саналат. Ал эми, "Үй-бүлөлүк турмушка даярдоо" түшунүгү – инсандар аралык кызматташууга жөндөмдүү, адамдын ички дүйнөсүн жана баалуулуктарын байкоо менен эмоция жана эмпатияга жөндөмдүү, өз жүрүм-турумун жөнгө салуу менен, болочоктогу түгөйүнө, балдарына карата милдеттердин системасын терең түшүнүүгө жана үй-бүлөлүк турмушка карата кыргыз элинин көөнөргүс салттарын сактоого калыптандыруу болуп саналат.

**Диссертациялык иштин экинчи бапы "Изилдөөнүн материлдары жана методдору"** деген аталышта берилип, изилдөөнүн экинчи милдетин чечүүгө карата жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн турмушка даярдоодогу изилдөөнүн методдору жана материалдарынын мазмуну, педагогикалык шарттары, үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун модели каралган.

**Изилдөөнүн объекти:** жогорку окуу жайынын билим берүү системасында окуу-тарбия процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттары.

К. К. Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүк китебинде шарт – условие; шарт коюу – ставить условие; коюлган шарттар – поставленные условия; шарттарды түз – создавать условия; жакшы шарттар түзүлгөн - созданы хорошие условия; турмуш шарттары – бытовые условия; азыркы кездеги шарттар – современная обстановка; оңтойлуу шарт – благоприятные условия; - деген туюнтмаларда которулган. Шарт – бул кандайдыр бир окуянын болушу үчүн зарыл болгон, бирок өзүнөн-өзү себепкер болбогон кубулуштар. Берилген себептин иштөө режими жана натыйжанын мүнөзү шарттардын мүнөзүнө жараша болот. Ал эми, философиялык энциклопедиялык сөздүктө «шарт»

түшүнүгү төмөнкүчө чечмеленет: 1) чөйрөдө шарт болбосо, ансыз жашоо болбойт, жашаган жана ансыз алар жашай албаган чөйрө катары; 2) шарт, чөйрөдө болуп жаткан кандайдыр бир жагдай.

Педагогикалык шартты Россия окумуштуусу Н.М. Борытко педагогикалык процесстин жүрүшүнө олуттуу таасирин тийгизген, кандайдыр бир деңгээлде педагог тарабынан аң-сезимдүү түрдө уюштурулган, белгилүү бир натыйжага жетишүүнү билдирген тышкы жагдайды түшүндүрөт, - деген пикирди билдирген. Ал эми, В. И. Андреев педагогикалык шарттарды – максаттарга жетүү үчүн мазмундун элементтерин, ыкмаларын, ошондой эле уюштуруучулук формаларын максаттуу тандоонун, долбоорлоонун жана колдонуунун натыйжасы катары түшүндүргөн. Демек, жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн турмушка даярдоонун педагогикалык шарттары бул – максаттарга жетүү үчүн мазмундун элементтерин, ыкмаларын, ошондой эле уюштуруучулук формаларын максаттуу тандоонун, долбоорлоонун жана колдонуунун натыйжасы болуп саналат. Ушундан улам, алгач үй-бүлө институтунун маңызы, мазмуну жана милдеттери изилденген.

Үй-бүлөдөгү роль – коомдогу адамдын социалдык ролдорунун биринин чагылышы болуп саналат. Үй-бүлөлүк ролдордо индивиддин орду жана функциялары аныкталат: жубайлык (аялы, күйөөсү), ата-энелик (апасы, атасы), балдар (уулу, кызы, иниси, эже-карындашы), эки жана үч муун (муундардын арасында жана байланышында). Үй-бүлө турмуш-тиричилиги, үй-бүлөнүн жана анын мүчөлөрүнүн аныкталган керектөөлөрү жана канааттандырыуулары менен түздөн-түз байланышы үй-бүлөнүн функциясы деп аталат. Үй-бүлө функцияларынын аткарылышы анын мүчөлөрү үчүн гана эмес, жалпысынан коом үчүн чоң мааниге ээ. Адатта, үй-бүлөнүн негизги функцияларына тарбиялоо, турмуш-тиричиликтик, эмоционалдык жана руханий баарлашууну киргизишет. Үй-бүлөнүн тарбиялык функциясы аталык жана энелик жеке муктаждыктарын канааттандыруудан турат. Үй-бүлөнүн чарбалык-турмуш-тиричилик функциялары төмөндөгүдөй түзүлөт: а) үй-бүлө мүчөлөрүнө материалдык муктаждыктарын канааттандыруу; б) алардын саламаттыгын сактоого көмөк көрсөтүү; в) балдардын ар тараптан өнүгүүсү зарыл болгон шарттарды камсыздоо. Үй-бүлөнүн эмоционалдык функциясы болсо төмөнкүлөр менен аныкталат: а) үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн канааттандыруусуна мүмкүнчүлүктөрдү түзүү; б) аң-сезимдүү жана аң-сезимге чейинки муктаждыктарын кабыл алуу; в) ар биринин өзгөчөлүктөрүн таануу; г)эркин өнүгүшүнө кам көрүү. Ал эми, үй-бүлөнүн руханий (маданий) баарлашуу функциясы – биргелешип муктаждыктарын канааттандыруу, өз ара руханий баюуга – үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн руханий өнүгүшүнө негизги ролду ойнойт.

Белгилүү болгондой үй-бүлө институту курулган убакыттан баштап аныкталган калыптануу этаптары негизинде гана биримдиктүү, ынтымактуу социалдык курамга айланат. Психолог Е. М. Дюваль үй-бүлөлүк жашоо

төмөнкү циклдарды басып өтөт деген.

1. Кыз жана жигит ролунун, жубайы жана күйөөсү ролго алмашуусу.

2. Жаңы энелик жана аталык ролдо болуу, башкача айтканда жубайы жана күйөөсү деген ролго ата болуу менен эне болуу ролунун кошулушу.

3. Жубайлар үй-бүлөгө жаңы адамды кабыл алуу этабына өтүшөт. Бул убакта жубайына болгон мамилеге, балага болгон мамиле кошулуп, жубайга болгон милдеттер менен бирге эле балага болгон милдеттер калыптанат.

4. Жубайлардын жаңы мамилелерге өтүшү (үч тилдик). Үй-бүлөгө болгон мамиле, жубайына болгон мамиле жана балага болгон мамилелердин калыптанышы.

5. Балдардын курагына жараша мамиленин өзгөрүшү. Улам жаңы наристенин пайда болушу жана балдардын куррактарына жараша мамилелердин өзгөрүшү, үй-бүлө институтунун системасын түзүү этабын мүнөздөйт. 6. Көз карандысыз болууга, тажрыйбага ээ болуу этабы. Бул этапта ата жана эне турмуштук тажрыйбалардын негизинде уул-кыздарына азыркы мезгилдин талабына ылайык, өз алдынча иштерди алып баруу, уюштуруу, өз оюн баяндай билүү менен өз көз караштарын далилдей билүүгө тарбиялоосу жана көз карандысыз турмушту уюштурууга калыптандырууга шарт түзүү менен мүнөздөлүнөт.

Изилдөөнүн алкагында, тиешелүү эмгектерди анализдөө менен түздөн-түз абалды аныктоочу эксперименттин жыйынтыгынын көрсөткүчтөрүн эске алуу менен бирге жаштарды үй-бүлө курууга даярдоонун төмөнкү **педагогикалык шарттары** аныкталды: а) үй-бүлөлүк мамилелер, жубайлардын ролу, үй-бүлө куруунун эрежелери, үй-бүлөлүк турмуш куруунун маанилүүлүгү жөнүндө курсун “Тарбиялоо процессинде компетенттүү мамиле” тандоо курсунун мазмунуна киргизүү; б) педагогика багытындагы окуп жаткан студенттерге кыргыз элинин көөнөргүс баалуулуктарына жана салтына негизделген үй-бүлө куруунун эрежелери, үй-бүлөлүк турмуштун маанилүүлүгү жөнүндө аң-сезимин калыптандырууга багыт берүү, үй-бүлөлүк кырдаалды моделдөө, ролдук оюндарга жана тренингдерге катыштыруу, практикалык сабактарды жана дискуссияларды өткөрүү; в) студенттерге үй-бүлөлүк кеңеш берүүнүн негиздерин үйрөтүү жана үй-бүлөлөргө көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берүү. Ошондой эле болочок педагогдордун эмпатия жана колдоо жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берүү; г) студенттердин натыйжалуу баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана үй-бүлөлүк мамилелердеги чыр-чатактарды чечүү жөндөмүнө жана баарлашууга, ошондой эле кыргыз элинин үй-бүлө институтундагы жолдошу менен жубайынын ортосундагы мамилелерге үйрөтүү.

Изилдөөнүн жүрүшүндө жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн үй-бүлө курууга жетилгендиктеринин компоненттери аныкталды (2.1-таблица).

**2.1-таблица. – Үй-бүлө курууга даяр болууга жетилгендиктин компоненттери**

| Физиологиялык жетилгендик | Социалдык жетилгендик | Этикалык, психологиялык жетилгендик |
|---|---|---|
| Нике куруу үчүн адамдын физиологиялык өнүгүүсү. Бою, дене салмагы, көкүрөк айланасы, булчуңдары жана органдар аныкталган деңгээлде өсүп жетилиши | Аныкталган социалдык статус: окууну бүтүрүү, кесипке ээ болуу, өз алдынча эмгектенүү, үй-бүлөсүн өз алдынча финансылык жактан камсыз кылуу | Этикалык, психологиялык даярдыгы: үй-бүлө идеалы, сексуалдык канааттануунун эрежелери, ата-эне болуу жоопкерчилиги |

Студенттерди үй-бүлө курууга даярдоо үчүн жогорку окуу жайларында окутулуучу дисциплиналардын түзүмүнө никеге туруу жана үй-бүлө куруу боюнча аныкталган компетенттүүлүктөрдү калыптоо процессин ишке ашыруу зарыл. Адатта, никеге туруу багытындагы компетенттүүлүктү үч бөлүккө ажыратууга болот: а) когнитивдик; б) коммуникативдик; в) эмоционалдык-эрктүүлүк. Бул учурда, жаштардын никеге жана үй-бүлөлүк мамилелерге даярдануудагы **когнитивдик компетенттүүлүгү** адамдын үй-бүлөдөгү үй-бүлөлүк мамилелер маданияты, акылга сыярлык жашоону уюштуруу (үй-бүлөдөгү өз ара аракеттенүүнүн экономикалык-башкаруучулук маселелери) жаатындагы билимине жараша болот. Когнитивдик билимдер системасы даярдыктын компетенцияларын калыптандыруу үчүн өбөлгөлөрдү түзөт, бул үй-бүлөнү түзүү шартында аналитикалык ой жүгүртүүнүн жалпыланган жөндөмдүүлүгүнөн билинет. Ал эми, **коммуникативдик компетенттүүлүк** психикалык абалын, инсандар аралык мамилелерди жана социалдык чөйрөнүн шарттарын тынымсыз өзгөртүү менен өзүн жана башкаларды түшүнүү, башкалар менен эффективдүү өз ара аракеттенүү жөндөмү катары жаш адамдын баарлашуунун ар кандай кырдаалдарына багыт алуусун камтыйт. Никеге жана үй-бүлө мамилелерине даярдоо **эмоционалдык-эрктүүлүк компетенттүүлүгү** жаш адамдын эмоционалдык-сезимдик жана эрктик чөйрөлөрүнүн жашоонун ушул этабына даярдануусу менен байланышкан. Сезимдердин булагы – объективдүү чындык жана анын адамдын керектөөлөрү менен өз ара байланышы. Ушуга байланыштуу эмоционалдык-сенсордук чөйрөдө кошо кайгыруу, боорукердик, ишеним көрсөтүү, ыраазычылык билдирүү, жардамын аябоо, өзүн сүйүү, эмпатия кылуу, уялуу жана башка ушул сыяктуу адеп-ахлактык тажрыйбаларды өнүктүрүү зарыл.

Изилдөөнүн негизги методдору катары төмөнкү методдор пайдаланылды:

– теориялык методдор: философиялык, педагогикалык, психологиялык, социалдык адабияттарды талдоо, изилдөө темасы боюнча нормативдик-укуктук

базаны иликтөө, теориялык жактан моделдөө методу; жогорку окуу жайларда үй-бүлө куруу маселеси боюнча тажрыйбаны иликтөө;

– эмпирикалык методдор: студенттердин өз алдынча иши, байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, тегерек стол, анкета жүргүзүү, аңгемелешүү, тестирлөө, тарбия иштери боюнча документтерди жана иш пландарын иликтөөгө алуу; окуу программаларын изилдөө; педагогикалык экспериментти уюштуруу жана жүргүзүү;


– документациялык материалды анализдөө, жогорудагы методдорду изилдөө ишибизге таяныч кылуу, эксперименттик материалдардын анализин салыштырып, системалаштырып, педагогикалык эксперименттин натыйжаларын чыгаруу.

Изилдөөнүн жүрүшүндө атайын жаштардын үй-бүлө курууда даярдыгынын аспектилерин аныктоого багытталган методдор колдонулду. Алсак, никеге туруунун себептерин аныктоодо С. И. Голоддун «Үй-бүлө куруу мотивдери» анкетасы, инсандын үй-бүлөлүк өз ара аракеттенүү чөйрөсүндө социалдык даражасын жана никедеги жубайлардын психологиялык шайкештигин аныктоо үчүн Ю. Е. Алешина, Л. Я. Гозман, Е. М. Дубовскаянын «Үй-бүлөлүү жубайлардагы мамилени өлчөө» методу жана И. Ф. Юнданын студенттердин үй-бүлө курууга даярдыгы боюнча тест картасы колдонулду.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлө курууга даярдоону чечүүнүн жолдору катары теориялык моделди иштеп чыгууга түрткү болду.

Модель – бул изилденип жаткан объектини (кубулушту) жөнөкөй, элестүү чагылдыруу үчүн объектилердин элементтеринин байланышын мүнөздөгөн, аныкталган ирээттүүлүктү белгилеген жана элестетүүнү жеңилдете турган чийме болуп саналат. Ошентип, сунушталып жаткан теориялык модель педагогикалык шарттарды ишке ашырууга жана жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн бекем үй-бүлө курууга оң таасирин тийгизет. Жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн үй-бүлөлүк турмушка даяр болуу моделинде төмөндөгүлөр берилди. Жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнүн физикалык жактан, социалдык жактан жетилгендигин жана үй-бүлө курууга этикалык жана психологиялык жетилгендигин эске алуу менен үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттарын камсыздоо максатында эң алгач жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн, кыргыз элинин үй-бүлөлүк салттарынын негизинде, инсандын жакшы сапаттары, социалдык кырдаалдар жана үй-бүлөнүн социалдык статусунун өзгөрүүсүн эске алуу менен жардам берүүдө турат. 1. Үй-бүлөлүк мамилелер, жубайлардын ролу, үй-бүлө куруунун эрежелери, үй-бүлөлүк турмуш куруунун маанилүүлүгү жөнүндө курсун “Тарбиялоо процессинде компетенттүү мамиле” тандоо курсунун мазмунуна киргизүү; 2. Педагогика багытындагы окуп жаткан студенттерге кыргыз элинин көөнөргүс баалуулуктарына жана салтына негизделген үй-бүлө куруунун эрежелери, үй-бүлөлүк турмуштун маанилүүлүгү жөнүндө аң-сезимин калыптандырууга багыт берүү, үй-бүлөлүк кырдаалды моделдөө, ролдук

оюндарга жана тренингдерге катыштыруу, практикалык сабактарды жана дискуссияларды өткөрүү; 3. Студенттерге үй-бүлөлүк кеңеш берүүнүн негиздерин үйрөтүү жана үй-бүлөлөргө көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берүү. Ошондой эле болочок педагогдордун эмпатия жана колдоо жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берүү; 4. Студенттердин натыйжалуу баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, ошондой эле үй-бүлөлүк мамилелердеги чыр-чатактарды чечүү жөндөмүнө жана баарлашууга, ошондой эле кыргыз элинин үй-бүлө институтундагы жолдошу менен жубайынын ортосундагы мамилелерге үйрөтүү менен жогорку окуу жайы үй-бүлө менен, коом менен кызматташуунун негизинде үй-бүлөлүк мамилелерге даярдануунун когнитивдик компоненти, коммуникативдик компоненти, эмоционалдык-эрктүүлүк компоненти калыптанат. Жыйынтыгында жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлө курууга даярдыгын диагностикалоого, жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлө курууга даярдыгынан маалыматын алуу мүмкүнчүлүк түзүлөт.




**2.1-сүрөт. Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун модели.**

**Үчүнчү бап “Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык эксперименти жана анын жыйынтыгынын анализи”** деген аталышта берилип, үчүнчү милдетин чечүүгө арналып, теориялык моделди ишке ашыруу жолдору сунушталган, ошондой эле педагогикалык шарттар жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлө курууга даярдоого оң таасирин берет. Диссертациялык изилдөөнүн алкагында теориялык моделин түзгөндөн кийин эксперименттин жүрүшүндө окуу процессинде апробациядан өткөрдүк. Экспериментке Ош мамлекеттик университетинин педагагогика адистигинин студенттери (60), С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика адистигинин студенттери (24) жана К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин педагогика адистигинин студенттери (40) катышкан.

Эксперименттин аныктоочу (констатациялык) этабында иш педагогика адистигинин 1-курстагы студенттери менен жүргүзүлдү. Бул эксперименттин максаты студенттердин үй-бүлө куруу маселеси боюнча баштапкы этабын аныктоо болду. Анкетага катышкан студенттердин басымдуу көпчүлүгү (70%) “Үй-бүлө деген эмне?” деген жалпы суроого “үй-бүлө бул эки адамдын жактыруусунан түзүлгөн биримдик” деген аныктаманы жактырышкан. Ал эми турмуш куруу үчүн оптималдуу курак 20-25 жаш деп көрсөткөн студенттер 75% га чейин болсо, ошол эле учурда катышуучулардын 15%ы 26 жаштан кийин гана турмуш куруу туура болот,- деп эсептешет. «Үй-бүлө курууга даярсызбы?»- деген суроого студенттердин жоопторунан кескин түрдө айырма болду. Мисалы, турмуш курууга даярмын деген студенттер НМУ 14% гана болсо, ОшМУда жана ЫМУда 28% турмуш курууга даяр экендигин билдиришти. Ошол эле учурда, үч окуу жайда тең турмуш курууга даяр эместигин көрсөткөн студенттер (НМУ-40%, ОшМУ-45%, ЫМУ-42%) дээрлик көпчүлүгүн түзүшөт. Демек, студенттерге турмуш куруу боюнча атайын уюштурулган тренингдердин, диспуттардын жана семинарлардын зарылчыгы бар экендиги тастыкталган. “Үй-бүлөдө ким лидер болуш керек?”деген суроо кайчы пикирлерди жаратты. ОшМУнун студенттеринин басымдуу бөлүгү (90%) “Эркек лидер болуш керек” – деп эсептешсе, ал пикирди С. Нааматов атындагы НМУ студенттеринин 44%, К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун студенттеринин 38% колдошот. Ал эми, “Үй-бүлөдө экөө тең лидер болушу керек” деген пикирди ОшМУнун студенттеринин болгону 7% гана колдойт, ал эми бул пикирди С. Нааматов атындагы НМУнун студенттеринин 39%, К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун студенттеринин 49% колдошот. Анкетага катышкан студенттердин 10% жетпегени аялдын үй-бүлөдө лидер болгонун каалашса, дагы бир 10% жетпегени өз пикирлерин ачык билдире алышкан жок.


Калыптандыруучу этапта ушул эле жогорку окуу жайлардын 2-3-курстун студенттери педагогика адистиги боюнча 124 студент катышкан. Аталган иштин теориялык этабында аныкталган педагогикалык шарттарды ишке ашыруу аркылуу студенттерди үй-бүлө куруу маселесин калыптандыруу


боюнча иштер жүргүзүлдү. Эксперименталдык группаларда изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган шарттардын орун алышы менен атайын лекциялар, семинарлар, тегерек столдор жана тренингдер жүргүзүлдү. Студенттердин үй-бүлө курууга даярдыгы И.Ф. Юнданын тест картасы колдонулуп аныкталган. Тесттик материалда үй-бүлөдө пайда болгон типтүү кырдаалдар берилет, түрдүү объективдүү жана субъективдүү факторлордун тийгизген таасирине жараша жоопторду тандашат. Иштелип чыккан индикаторлордун жана студенттердин үй-бүлөлүк жашоого даярдыгынын критерийлеринин негизинде аталган көрсөткүчтөр боюнча студенттердин үй-бүлө курууга даярдыгынын үч деңгээли аныкталган (3.1-таблица)**.**

**3.1-таблица. – Студенттердин үй-бүлө курууга даярдык денгээлдери**

| **Деңгээл** | **Төмөнкү** | **Ортоңку** | **Жогорку** |
|---|---|---|---|
| Критерий | Үй-бүлөлүк жашоого жетиш-сиз даярдык | Үй-бүлөлүк жашоого канаат-тандыраарлык даярдыгы бар | Үй-бүлөлүк жашоого жетиш-түү даярдыгы бар |
| Балл | 22 чейин | 23-69 | 70-120 |


Экспериментке чейин эксперименталдык топто үй-бүлөлүк жашоого даярдык деңгээлинин көрсөткүчтөрү төмөнкү – 50%, ортоңку – 33,3%, жогорку – 16,7%ды, ал эми текшерүүчү топто төмөнкү – 50%, ортоңку – 33%, жогорку – 16,7% ды түздү. Эксперименталдык топто эксперименталдык окууларды (тажрыйбаларды) жүргүзгөндөн кийин, бүтүрүүчүлөрдүн деңгээлинин мүнөздөмөсү төмөнкүдөй болду: төмөнкү – 16,7%, ортоңку – 41,6%, жогорку – 42%. Ошол эле убакта бул көрсөткүчтөр текшерүүчү топто төмөнкү – 42%, ортоңку – 41,6%, жогорку – 16,7% ды түздү. (3.1-сүрөт).







**3.1-сүрөт. Үй-бүлөлүк турмуш куруга даярдык деңгээли.**

Эксперименттин текшерүүчү этабында 2 фокус-топ түзүлүп жүргүзүлдү: Алгач, ОшМУнун студенттеринин экспериментке чейин эксперименталдык топто үй-бүлөлүк жашоого даярдык деңгээлинин көрсөткүчтөрү төмөнку – 33,3%, ортоңку – 46,7%, жогорку – 20%ды, ал эми текшерүүчү топто төмөнку – 46,6%, ортоңку – 36,6%, жогорку – 16,6% ды түздү. Эксперименталдык топто эксперименталдык окууларды (тажрыйбаларды) жүргүзгөндөн кийин, бүтүрүүчүлөрдүн деңгээлинин мүнөздөмөсү төмөнкүдөй болду: төмөнку – 10%, ортоңку – 30%, жогорку – 60%. Ошол эле убакта бул көрсөткүчтөр текшерүүчү топто төмөнку – 46,7%, ортоңку – 33,3%, жогорку – 20% ды түзгөн (3.2-сүрөт).





**3.2-сүрөт. Үй-бүлөлүк турмуш куруга даярдык деңгээли.**

Изилдөөнүн баштапкы учурунда К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун студенттери экспериментке чейин эксперименталдык топто үй-бүлөлүк жашоого даярдык деңгээлинин көрсөткүчтөрү төмөнку – 50%, ортоңку – 30%, жогорку – 20%ды түзгөн. Эксперименталдык топто эксперименталдык окууларды жүргүзгөндөн кийин, бүтүрүүчүлөрдүн деңгээлинин мүнөздөмөсү төмөнкүдөй болду: төмөнку – 20%, ортоңку – 25%, жогорку – 55%. Ошондой эле, бүтүрүүчүлөрдүн үй-бүлө курууга даярдыгы жогору болгон бүтүрүүчүлөр 20% дан 55% га чейин өскөн (3.3-сүрөт).





**3.3-сүрөт. Үй-бүлөлүк турмуш курууга даярдык деңгээли.**


Жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн экспериментке чейинки жана эксперименттен кийинки жыйынтыгы ранг менен берилген. Эксперименттик топтогу бүтүрүүчүлөрдүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо баалуулуктардын өзгөрүшү боюнча С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин, Ош мамлекеттик университетинин, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин көрсөткүчтөрү 3.4, 3.5, 3,6 -сүрөттөрдө берилген.




**3.4-сүрөт. Үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо баалуулуктардын өзгөрүшү (С.Нааматов атындагы НМУ)**




**3.5-сүрөт. Үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо баалуулуктардын өзгөрүшү (ОшМУ).**




**3.6-сүрөт. Үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо баалуулуктардын өзгөрүшү (К. Тыныстанов атындагы ЫМУ)**

Диссертациялык изилдөөнүн алкагында жаштарды үй-бүлө курууга даярдоонун педагогикалык шарттарынын туура аныкталгандыгы жана даярдалган моделдин натыйжалуулугу жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн үй-бүлө институтунун негизги факторлорунун рангдарынын өзгөрүүсү далилдеди.

## КОРУТУНДУ

Изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык булактардын анализинде жана педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарынын интерпретациялоонун негизинде төмөнкү жалпы корутундулар алынды:

1. Азыркы мезгилде кыргыз улутунун каада-салттарынын, макал-лакаптардын, баалуулуктардын, мамилелердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоого максаттуу көңүл бурулушу зарылдыгы белгиленди. Үй-бүлө куруу – эки инсандын, келечектеги жашоодо максаттары жана мүнөздөрү жагынан дал келген жана бири-бирин толуктаган, жашоосун бирге өткөрүү үчүн ойлонулуп жасалган кадамдын негизинде биримдикте жашоо болуп саналат. Үй-бүлөлүк турмушка даярдоо – инсандар аралык кызматташууга жөндөмдүү, адамдын ички дүйнөсүн жана баалуулуктарын байкоо менен эмоция жана эмпатияга жөндөмдүү, өз жүрүм-турумун жөнгө салуу менен, болочоктогу түгөйүнө, балдарына карата милдеттердин системасын терең түшүнүүгө жана үй-бүлөлүк турмушка карата кыргыз элинин көөнөргүс салттарын сактоого калыптандыруу катары каралат.

2. Изилдөөнүн алкагында, бүтүрүүчүлөрдү үй-бүлө курууга даярдоонун төмөндөгүдөй педагогикалык шарттары аныкталды: а) үй-бүлөлүк мамилелер, жубайлардын ролу, үй-бүлө куруунун эрежелери, үй-бүлөлүк турмуш куруунун маанилүүлүгү жөнүндө курсун “Тарбиялоо процессинде компетенттүү мамиле” тандоо курсунун мазмунуна киргизүү; б) педагогика багытындагы окуп жаткан студенттерге кыргыз элинин көөнөргүс баалуулуктарына жана салтына негизделген үй-бүлө куруунун эрежелери, үй-бүлөлүк турмуштун маанилүүлүгү жөнүндө аң-сезимин калыптандырууга багыт берүү, үй-бүлөлүк кырдаалды моделдөө, ролдук оюндарга жана тренингдерге катыштыруу, практикалык сабактарды жана дискуссияларды өткөрүү; в) студенттерге үй-бүлөлүк кеңеш берүүнүн негиздерин үйрөтүү жана үй-бүлөлөргө көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берүү. Ошондой эле болочок педагогдордун эмпатия жана колдоо жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берүү; г) студенттердин натыйжалуу баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, ошондой эле үй-бүлөлүк мамилелердеги чыр-чатактарды чечүү жөндөмүнө жана баарлашууга, ошондой эле кыргыз элинин үй-бүлө институндагы жолдошу менен жубайынын ортосундагы мамилелерге үйрөтүү. Ошону менен бирге жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун модели түзүлдү.

3. Диссертациялык изилдөөнүн алкагында жаштарды үй-бүлө курууга даярдоонун педагогикалык шарттарынын туура аныкталгандыгы жана даярдалган моделдин натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент жүргүзүү менен далилденди. Тактап айтканда, педагогикалык эксперименттен кийин С. Нааматов атындагы НМУ жана К. Тыныстанов атындагы ЫМУ бүтүрүүчүлөрү

үчүн биринчи орунду тукум улоо баалуулугу ээледи, ал эми ОшМУ бүтүрүүчүлөрү үчүн балдарды тарбиялоо баалуулугу болду.

Демек, педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө бүтүрүүчүлөрдүн көз караштары өзгөрүүгө учурап, жалпы адамзат үчүн ыйык болгон муундарынын уланышын камсыздаган тукум улоо жана балдарды тарбиялоо баалуулуктарын негиз катары кабыл алышкан.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Педагогикалык багыттагы бакалавр даярдоочу мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарынын компетенцияларына, окуу-методикалык комплекстеринин мазмунуна үй-бүлө институтунун калыптанышы, өнүгүшү жана үй-бүлө куруу боюнча теориялык жана практикалык маселелерди камтуу абзел;
2. Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунда жана областтык институттарда окутуучулардын тарбиялык иштерди жүргүзүү боюнча программасына “Жаштарды үй-бүлөгө даярдоо” компонентин киргизүү;
3. Жогорку окуу жайынын студенттерин үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында дисциплиналарды, окуу-тарбиялоо процессинде тарбиялык иш-чараларды уюштурууда аныкталган педагогикалык шарттарды, теориялык моделди, форма жана методдорду колдонуу;
4. Окутуучулар жана студенттер үчүн улуттук баалуулуктар, каада-салттар, үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча кошумча адабияттарды чыгарууну сунуштайбыз.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**


1. Асанкулова, М. К. Балдарды мектепке даярдоодо үй-бүлөнүн ролу [Текст] / М. К. Асанкулова // Известия вузов Кыргызстана. – 2016. – №7. – 52-54-бб. http://www. science-journal. kg/media/Papers/ivk/2016/7/ivk-2016-N7-52-54. pdf. pdf
2. Асанкулова, М. К. Үй-бүлө тарбиясы – маданияттын башаты [Текст] / М. К. Асанкулова // С. Нааматов атындагы НМУнун жарчысы. – 2016. – № 2-3. – 46-47-бб. https://arch. kyrlibnet. kg/uploads/NSUASANKULOVA2016-2,3-1. pdf
3. Асанкулова, М. К. Үй-бүлө курууга даярдоо – турмушка даярдоонун негизи [Текст] / Т. М. Сияев, М. К. Асанкулова // С. Нааматов атындагы НМУнун жарчысы. – 2016. – № 2-3. – 189-190-бб. https://arch. kyrlibnet. kg/uploads/NSUSYIAEV2016-2,3-1. pdf
4. Асанкулова, М. К. “Манас” эпосундагы үй-бүлөлүк тарбиянын педагогикалык негиздери [Текст] / Т. М. Сияев, М. К. Асанкулова //. Эл аралык конференция. Жусуп Мамай жана түрк калктарынын эпостору. – Бишкек, 2017.

– №3. – 190-193-бб. https://www. gezitter. org/culture/59254_jusup_mamay__lichnost_posvyativshaya_svoyu_jizn_manasu/

5. Асанкулова, М. К. Үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык негиздери [Текст] / Т. М. Сияев, М. К. Асанкулова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2018. – № 2. – 189-190-бб https://jarchy. arabaev. kg/?7d33b22a0be6cd56a536ac7d4fe619e7=archiv_news&id_blok=9/search?ei=yLpOXIDGJIupsAG_6ba4Aw&q=45c48cce2e2d7fbdea1afc51c7c6ad26

6. Асанкулова, М. К. Жаштардын үй-бүлө куруута карата ой толгоолору [Текст] / М. К. Асанкулова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021 – №2. – 203-209-бб. http://science-journal. kg/media/Papers/nntiik/2021/2/ННТ-2_2021_203-209. pdf

7. Асанкулова, М. К. Жаштарды турмушка даярдоо – тарбиялоо багыттарынын бири [Текст] / М. К. Асанкулова // Alatoo Academic Studies. – 2022. – №3. – 11-17-бб. https://drive. google. com/file/d/1AV8v0oVyGmz_QW-AAwLlk9Hu9u3HBQaY/view

8. Асанкулова, М. К. Жаштардын үй-бүлөлүк жашоого даярдыгынын деңгээлин аныктоочу көрсөткүчтөр [Текст] / Т. М. Сияев, М. К. Асанкулова // Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын Жарчысы. –2022. – 182-188-бб. http://ksapcs. kg/wp-content/uploads/2022/12/Вестник-№2-типография-деми-ок-вар. pdf

9. Асанкулова, М. К. Жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн үй-бүлөлүк турмушка даярдыгы [Текст] / М. К. Асанкулова, Т. М. Сияев // Alatoo Academic Studies. – 2023. – №4. – 48-59-бб. https://drive.google.com/file/d/1fXJdiVKkccnc32VWNd2EcBumPaLUsueg/view?usp=sharing

**Асанкулова Мазира Көчөровнанын “Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттары” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** үй-бүлө, нике, ата-эне, тарбия, турмуш, жар тандоо, баалуулуктар, тукум улоо, балдарды тарбиялоо, өзүн-өзү өркүндөтүү, модель, педагогикалык шарт, сүйүү, метод, тест.

**Изилдөөнүн максаты:** жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттарын аныктоо жана эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн объекти:** жогорку окуу жайынын билим берүү системасында окуу-тарбия процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттары.

**Изилдөөнүн методдору:** теориялык, эмпирикалык (байкоо, сурамжылоо, аңгемелешүү, анкета жүргүзүү, тестирлөө, документациялык материалды анализдөө, эксперимент).

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун теориялык негиздери талдоо менен "үй-бүлө куруу", "үй-бүлөлүк турмушка даярдоо" түшүнүгү такталып, үй-бүлө курууга даярдык деңгээлинин аныкталгандыгы. Үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун илимий педагогикалык шарттарынын аныкталышы жана анын моделинин даярдалышы, ошондой эле алардын педагогикалык экспериментте текшерилиши менен мүнөздөлүнөт.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоону өркүндөтүүгө негиз болот; аныкталган педагогикалык шарттар, теориялык модель жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо билим берүү, тарбиялоо системасында колдонууга болот.

**Колдонуу чөйрөсү:** изилдөөнүн материалдары жогорку жана орто окуу жайлардын окутуучуларына, студенттерине сунушталат.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационного исследования Асанкуловой Мазиры Кочоровны на тему «Педагогические условия подготовки выпускников высших учебных заведений к семейной жизни» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования**

**Ключевые слова:** семья, брак, родители, воспитание, жизнь, выбор партнера, ценности, деторождение, воспитание детей, саморазвитие, модель, педагогические условия, любовь, метод, тест

**Цель исследования:** определение педагогических условий подготовки выпускников высших учебных заведений к семейной жизни и их экспериментальная проверка.

**Объект исследования:** учебно-воспитательный процесс в системе образования высшего учебного заведения.

**Предмет исследования:** педагогические условия подготовки выпускников высших учебных заведений к семейной жизни,

**Методы исследования:** для решения поставленных задач использовались следующие методы теоретический анализ и обобщение научных источников,

эмпирический (наблюдение, опрос, интервью, анкетирование, тестирование, анализ документационного материала, эксперимент)

**Полученные результаты и их новизна:** уточнено понятие “семья” при подготовке выпускников вузов к семейной жизни, определены уровень готовности к созданию семьи. Определены научно - педагогические условия подготовки к семейной жизни. экспериментально проверена эффективность теоретической модели и педагогических условий подготовки выпускников к созданию семьи, разработаны рекомендации.

**Рекомендации по применению:** результаты исследования являются основой для совершенствования подготовки выпускников высших учебных заведений к семейной жизни; выявленных педагогических условиях, теоретическая модель может быть использована в системе образования, воспитания при подготовке выпускников высших учебных заведений к семейной жизни.

**Область применения:** материалы исследования рекомендуются преподавателям, студентам высших учебных заведений и педагогических вузов.


**SUMMARY**

**of the dissertation research by Asankulova Mazira Kochorovna on the topic «Pedagogical conditions for preparing graduates of higher educational institutions for family life» for the degree of Candidate of pedagogical sciences in the specialty 13.00.01 – general pedagogy, history of pedagogy and education**

**Keywords:** family, marriage, parents, upbringing, life, partner choice, values, childbearing, parenting, self-development, model, pedagogical conditions, love, method, test

**The purpose of research:** determining the pedagogical conditions in the preparation of university graduates for family life and testing them with the help of a pedagogical experiment.

**The object of research:** the educational process in the higher educational system.

**The subject of research:** pedagogical conditions on preparing higher educational institutions graduates for family life.

**Research methods:** the following methods were used to solve the assigned tasks: theoretical analysis and generalization of scientific sources, empirical (observation, survey, interview, questionnaire, testing, analysis of the documentation material, experiment).

**The scientific novelty of the results obtained:** the concept of “family” is clarified while preparing university graduates for family life, the level of readiness to

create a family is determined. The scientific and pedagogical conditions on preparing for family life are determined. the effectiveness of the theoretical model and pedagogical conditions on preparing graduates to start a family has been experimentally tested, recommendations have been developed.

**Recommendations for use**: the results of the study are the basis for improving the preparation of higher educational institutions graduates for family life: the theoretical model identified by pedagogical conditions can be used in the education system and in the preparation of graduates of higher educational institutions for family life.

**Scope of application:** the research materials are recommended to teachers, students of higher educational institutions and pedagogical universities.